УДК 821.512.154.09 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.550**

АЙТМАТОВ ЖАНА ТАБИЯТ

Маткасымова Дамира Тумановна, окутуучу,
ORCID: 0009-0006-8614-6212
Ош мамлекеттик педагогикалык университети, колледж,
matkasymovadamira7@gmail.com
Исмаилова Алтынай Мухамбетовна, окутуучу,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети, колледж,
ismailovaaltynaj90@gmail.com

ПРИРОДА В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ АЙТМАТОВА

Маткасымова Дамира Тумановна, преподаватель,
ORCID: 0009-0006-8614-6212
Ошский государственный педагогический университет, колледж,
matkasymovadamira7@gmail.com
Исмаилова Алтынай Мухамбетовна, преподаватель,
Ошский государственный педагогический университет, колледж,
ismailovaaltynaj90@gmail.com

NATURE IN AITMATOV’S WORKS

Matkasymova Damira Tumanovna, teacher,
ORCID: 0009-0006-8614-6212
Osh State Pedagogical University, college,
matkasymovadamira7@gmail.com
Ismailova Altynai Muhambetovna, teacher,
Osh State Pedagogical University, college,
ismailovaaltynaj90@gmail.com

Аннотация

Бул макалада кыргыз залкар жазуучу Чынгыз Айтматовдун чыгармаларына философиялык көз караштарына изилдөө жүргүзүлгөн. Ал ар бир чыгармасында табият менен адамдын ортосундагы өз ара мамилелерин көркөмдөп, чөйрө жөн гана фон эмес, ал окуянын жандуу негизги каарманы, күзгүсү, башкы каармандардын ички дүйнөсүнүн күзгүсү, адеп-ахлактык чен-өлчөм катары кызмат кылат. Айтматов табиятты көздүн карегиндей сактап калуу- бул адамдын өзүнүн руханий дүйнөсүн коргоп калуусу экенин эскертип, ачып берет. Маселен, “Кыяматтагы” Акбара менен Ташчайнар аркылуу автор экологиялык маселелерди дүйнөлүк, социалдык трагедия менен байланыштырат.

Инсандын табиятка жасаган катаал мамилеси топтолуп, бара-бара адамзаттын деградациясына алып келерин жазуучу чоң чеберчилик менен сүрөттөп көрсөтө алгандыгында залкардыгы тураары анык.

Бул макалада Айтматовдун “табият боюнча философ”, башкача айтканда, анын чыгармаларындагы мифологиялык образдар жана жаратылыштагы белгилер аркылуу адамзаттын жер планетасындагы ордуна баа берилет. Жыйынтыктап айтканда, Айтматов өзүнүн чыгармаларында көрөгөч инсан катары, табиятты сактап калууда, муундан муунга өткөрүп берүүсүндө адамзаттын аалам алдындагы жоопкерчилигин көрсөтө билгендигинде тураары анык. Бул макалада Айтматовдун чыгармаларында – экологиялык конгуроо болуп, адамдын табиятты кыйратуусу - өз тамырын кескенге барабар экендиги далилденген.

Ачкыч сөздөр: *Ч. Айтматов, табият, адам, экологиялык маданият, гуманизм,*

экологиялык адеп-ахлак, экологиялык кризис.

Аннотация

В данной статье проведено исследование философских взглядов великого кыргызского писателя Ч. Айтматова, отражённых в его произведениях. В каждом своем произведении автор художественно раскрывает взаимоотношения человека и природы, где окружающая среда выступает не просто фоном, а живым главным героем, зеркалом внутреннего мира персонажей и нравственным мерилом. Айтматов раскрывает мысль о том, что бережное отношение к природе означает сохранение духовного мира самого человека. Например, через образы Акбары и Ташчайнара в романе «Плаха» автор связывает экологические проблемы с мировой и социальной трагедией. Писатель с большим мастерством показывает, как жестокое отношение человека к природе постепенно накапливается и в конечном итоге приводит к деградации человечества. Именно в этом и заключается величие писателя.

В статье Айтматов рассматривается как «философ природы», поскольку через мифологические образы и природные знаки в его произведениях даётся оценка месту человечества на планете Земля. В заключение можно отметить, что Айтматов в своих произведениях как дальновидный мыслитель сумел показать ответственность человечества перед Вселенной за сохранение природы и её передачу будущим поколениям.

В статье доказывается, что произведения Айтматова являются своеобразным экологическим набатом, предупреждающим о том, что разрушение природы человеком равносильно уничтожению собственных корней.

Ключевые слова: *Ч. Айтматов, окружающая среда, человек, экологическая культура, гуманизм, экологическая нравственность, экологический кризис.*

Abstract

This article examines the philosophical views reflected in the works of the great Kyrgyz writer Chingiz Aitmatov. In each of his works, the author artistically portrays the relationship between humans and nature, where the environment serves not merely as a background, but as a living central character, a mirror of the inner world of the protagonists, and a moral measure. Aitmatov reveals the idea that protecting nature means preserving the spiritual world of humanity itself.

For example, through the images of Akbara and Tashchainar in the novel The Scaffold (“The Place of the Skull”), the author connects ecological issues with global and social tragedy. With great mastery, the writer demonstrates how humanity’s cruel treatment of nature gradually accumulates and ultimately leads to the degradation of mankind. This undoubtedly reflects the greatness of the writer.

The article also presents Aitmatov as a “philosopher of nature,” since through mythological images and natural symbols in his works, he evaluates the place of humanity on planet Earth. In conclusion, it is evident that Aitmatov, as a visionary thinker, was able to show humanity’s responsibility before the universe for preserving nature and passing it on to future generations.

The article proves that Aitmatov’s works serve as an ecological alarm bell, warning that humanity’s destruction of nature is equivalent to severing its own roots.

Key words: *Ch.Aitmatov, environment, man, ecological culture, humanism, ecological morality, ecological crisis.*

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы — бул адам менен табияттын , адам менен ааламдын ортосундагы терең байланыштын философиясы. Ал өзүнүн чыгармаларында жаратылышты жөн гана кооздук же фон катары эмес, тирүү организм, жандуу, жансыз жаратылышты адамзаттын руханий күзгүсү катары сүрөттөгөн.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы табият жана адамзаттын трагедиясы

Чыңгыз Айтматов — дүйнөлүк адабиятта экологиялык ой-жүгүртүүнүн туу чокусунда турган жазуучулардын бири. Анын дээрлик ар бир чыгармасында жаратылышты

коргоо жана Ата мекенди сүйүү— бул жөн гана бак-дарактысактоо же Мекениң менен суктануу эмес, адамдын өзүнүн адамдык сапатын сактап калуу маселеси катары каралат. Чынгыз Айтматовдун калеминде жаратылыш сыйкырдуу куч менен жанданып, таң калтырып, мурун байкалбаган жомоктогудай сыры менен адамзатты өзүнө тартып тургандай.

1. Табият — ЫЙык Эне. Аны көздүн карегиндей сактоо ар бирибиздин милдетибиз.

Айтматов үчүн табият — баары үчүн башат,баарын жараткан, баарын баккан ыйык күч. Табияттын ар бир жандыгына,өсүмдүгүнө аяр мамиле жасоого чакырат. Мисалы, "Ак кеме" повестиндеги Мүйүздүү Бугу Эненин образы — бул жаратылыштын символу. Уламыш боюнча, Бугу Эне адамдардын тукумун улаган, өлүмдөн сактап калган. Бирок адамдар өз колдору менен ошол ыйык бугуга ок атышат. Бул жерде жазуучу табиятка кол салуу — бул өз тегине, өз тарыхына жана өз келечегине кол салуу экенин эскертет.

“Турмуштук шарттардын аябаган өктөм күчүнөн улам өзү күндө жомоктоп айтып,ыйык тутуп жүргон ата бабанын арбагына,абийир-ызатына,Умай эненин осуятына,бапестеп багып келген баласына,башкача айтканда идеалына мылтык кезеп ок аткан Момун көкшүндүн көкөй кести тагдыры алдагы акыйкаттыкты дагы бир жолу далилдеп келет”. [2. 277-б.] Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр китебинде эскерилет.

2. Экологиялык катастрофа жана руханий кризис

Жазуучунун эң чоң чыгармаларынын бири "Кыямат" романында табияттын трагедиясы ачык чагылдырылган. Моюнкумдагы ак бөлтүрүктөрдүн тагдыры аркылуу Айтматов адамзаттын ач көздүгүн ашкерелейт. Адамзатты акылга чакыруу менен жаратылышка аяр мамиле кылууну үгүттөйт. Чыңгыз Айтматовдун "Кыямат" романы — бул адамзаттын руханий кризиси менен жаратылыштын трагедиясы бири-бирине чырмалышкан философиялык чыгарма.

Төмөндө чыгармадагы жаратылыш маселесинин негизги аспектилерин карай турган болсок:

1. Акбара менен Ташчайнардын тагдыры:

Романдын башында эле биз Моюнкумдагы карышкырлардын үй-бүлөсү менен таанышабыз. Айтматов жаратылышты Акбара менен Ташчайнардын образы аркылуу жандуу, сезимтал жана акылдуу дүйнө катары сүрөттөйт.

Трагедиянын башталышы: Адамдардын Моюнкумга кирип келиши, сайгактарды аёосуз кырышы — бул табияттын тең салмактуулугун бузуунун башаты.

Энелик инстинкт: Акбаранын балдарынан ажырашы — бул жаратылыштын келечегине балта чабылганынын символу.

2. Адам жана Табияттын карама-каршылыгы:

Айтматов адамдын жаратылышка болгон мамилесин эки түрдүү топ аркылуу көрсөтөт:

Жырткычтык мамиле: Обер-Кандалов сыяктуу каармандар үчүн табият — бул жөн гана пайда табуунун булагы же планды толтуруучу курал. Алар үчүн тирүү жандыктын кадыры жок. Азыр артка кылчайып карай турган болсок бүгүнкү күндөрдү эле улуу жазуучубуз сүрөттөп кеткендей.

Гармонияга умтулуу: Бостон сыяктуу каармандар жаратылыш менен тил табышып жашагысы келет, бирок ал дагы системанын жана кокустуктардын курмандыгына айланат.

3. "Кыямат" түшүнүгү жана Экология

Романдын аталышы бекеринен "Кыямат" деп коюлган эмес. Айтматов үчүн чыныгы "акыр заман" — бул адамдын ички дүйнөсүнүн бузулушу жана анын натыйжасында жаратылыштын талкаланышы.

Сайгактарды кыруу: Бул көрүнүш жөн гана аңчылык эмес, бул — жаратылышка жасалган геноцид эмей эмне?

Руханий деградация: Эгерде адам табияттын тилин түшүнбөй калса, ал өзүнүн адамдык сапатын жоготот. Натыйжада, Бостон өз баласын байкабай атып алгандай, адамзат өз

келечегин өзү жок кылат.

Негизги идеялар:

Жаратылыш өч алат: Чыгармада жаратылыш — коргоосуз калган курмандык, кароосуз калган баладай. Бирок адам баласы табиятка зыян келтирүү менен, түпкүлүгүндө өзүнүн тамырына балта чаап жатканы эскертилет. Экология — бул адеп-ахлак: Айтматовдун ою боюнча, жаратылышты коргоо үчүн адегенде адамдын ички дүйнөсүн, ыйманын тазалоо керек.

4. "Гүлсарат" жана жан-жаныбарлардын тагдыры:

"Гүлсарат" повестинде Гүлсарат жоргонун тагдыры менен Танабайдын тагдыры эгиз. Жазуучу чыгармада жаныбарлардын да сезими, жаны жана азабы бар экенин чеберчилик менен көрсөткөн. Жоргонун карылыгы жана өлүмү — бул бир гана аттын эмес, адам баласынын жаратылышка болгон мамилесинин, доордун трагедиясынын чагылышы. Чыңгыз Айтматовдун "Гүлсарат" повестинде жаратылыш маселеси Танабай менен Гүлсараттын тагдырлары аркылуу өтө терең жана символикалык түрдө чагылдырылган. Мында жаратылыш жөн гана кооздук эмес, ал адамдын эркиндигинин, тазалыгынын жана табигый мыйзамдардын символу.

Чыгармадагы жаратылыш маселелерин төмөнкү негизги багыттарда кароого болот:

1. Гүлсарат — Табияттын сулуулугунун жана эркиндигинин символу

Гүлсарат жөн гана жылкы эмес, ал жаратылыштын кемчиликсиздигинин образы.

Эркиндик маселеси: Гүлсарат тоолордо, жаратылыштын койнунда төрөлүп, өзүнүн табигый кубаты менен айырмаланат. Бирок адамдар аны "актап" , табигый касиетинен ажыратып, өз кызыкчылыгына колдонууга аракет кылышат. Бул — адамдын табиятты өзүнө баш ийдирүүгө болгон зордукчул мамилесинин белгиси.

Трагедия: Повесттин аягында Гүлсараттын карылыгы жана өлүмү — бул жаратылыштын күчүнүн соолушу жана ошол эле учурда Танабайдын доорунун аякташы катары берилет.

2. Адамдын жаратылыш менен болгон ички байланышы

Башкы каарман Танабай үчүн жаратылыш — анын жашоосунун өзөгү. Койчунун турмушу: Танабай тоодо кой кайтарып жүргөндө гана өзүн эркин жана таза сезет. Жаратылыштын катаал шарты (бороон-чапкын, суук) адамдын мүнөзүн сынаган тараза катары кызмат кылат.

Чырмалышкан тагдырлар: Чыгармада жаратылыштын кубулуштары Танабайдын ички дүйнөсү менен параллель берилет. Мисалы, Танабайдын партиядан чыгарылып, көңүлү калгандагы абалы айланадагы боз, суз пейзаж аркылуу сүрөттөлөт.

3. Экологиялык жана Социалдык маселелер

Айтматов жаратылыш аркылуу ошол кездеги системанын катаалдыгын да көрсөткөн. Жаратылышка болгон кайрымсыздык: Жогору жактан келген буйруктардын негизинде мал чарбачылыгын туура эмес башкаруу, жайыттардын абалы жана жаныбарларга болгон техникалык мамиле табигый гармонияны бузат.

Жаныбарлардын тили: Жазуучу Гүлсараттын сезимдерин, анын ички толгонууларын адамдыкындай эле тереңдикте сүрөттөйт. Бул — "ар бир тирүү жандыктын жаны бар жана ал азапты сезе билет" деген чоң гуманисттик жана экологиялык ой.

Повесттеги символикалык образдар:

Тоолор: Бийиктиктин, тазалыктын жана өзгөрбөс чындыктын белгиси.

Жорго: Жаратылыштын берген өзгөчө белеги, бирок ал адамдардын колунда кордук көрөт.

Бороон: Коомдогу баш аламандыктын жана адам тагдырындагы оор сыноолордун символу.

Айтматов адам, жаныбар, жаратылыш кубулуштарын бири-бири менен тыгыз байланышта, бири-бирине көз карандылыкта сүрөттөгөн деп айтсак жаңылышпайбыз.

Айтматовдун негизги идеялары:

Адам — табияттын бир гана бөлүгү экендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек.:

Эгер адам табияттан бөлүнүп, өзүн анын "кожоюну" катары сезе баштаса, ал руханий жактан жакырланат.

Жоопкерчилик: Ар бир аткан ок, ар бир кыйылган дарак үчүн адамзат келечекте жооп берет.

Экологиялык адеп-ахлак: Табиятты коргоо — бул адамзаттын маданиятын,тарбиясын жана ыйманын көрсөтүүчү белги деп билебиз.

"Адам табиятты жеңдим деп ойлойт, бирок табиятты жеңүү — бул өзүн-өзү өлтүрүү менен барабар." (Ч. Айтматов)[1]

Корутунду

Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу. Климаттын өзгөрүшү, жаныбарлардын тукумунун жоголушу жана экологиялык кризис учурунда жазуучунун "Жер Энеге" болгон аяр мамилеси биз үчүн чоң сабак. Анын чыгармалары бизди айлана-чөйрө менен таттуу мамиледе болууга жана келечек муунга таза дүйнөнү калтырууга чакырып келет.

"Гүлсарат" повестинде Айтматов "Адам жаратылыштан алыстаганда жана ага зордук көрсөткөндө, өзүнүн да бактысын жоготот" деген идеяны айткысы келген. Гүлсараттын тагдыры — бул табияттын кордолгондугунун жана адамдын ошол жаратылыш алдындагы күнөөсүнүн чагылышы.

Танабай менен Гүлсараттын ортосундагы мамиле — бул адам менен табияттын ортосундагы үзүлгүс, бирок трагедиялуу байланыштын үлгүсү.

Ошондой эле “Саманчынын жолу” повестинде Толгонайдын Жер энеге кайрылуусу да ага болгон сый урматты,ыраазычылыкты, камкордукту билдирип, жаратылышты аздектеп,келечек муун үчүн сактап калууга чакырган терең маанилүү кайрылуу деп билебиз. Ал Жер Эне менен бетме-бет маектешип, өз башынан кечиргендерин эскерет.[4. 131-б.]

"Кыямат" романындагы жаратылыш маселеси — бул бүгүнкү күндүн эң актуалдуу көйгөйү. Жазуучу Акбаранын образы аркылуу бизди курчап турган дүйнөгө аяр мамиле жасоого, андагы ар бир тирүү жандыктын жашоого укугу бар экенин түшүнүүгө чакырат. Адам табияттын кожоюну эмес, анын ажырагыс бир бөлүгү гана экенин унутуу — чыныгы Кыяматка алып келет.

Акбара менен Ташчайнардын тагдыры — табияттын тең салмактуулугу бузулганда, ал кайра адамдын өзүнө кырсык болуп кайтарынын далили. Табигый чынжырдын бузулуусу менен адамзаттка түшкөн кырсыктар,трагедиялардын көбөйүүсүнүн далили.[4]

Кийиктерди вертолет менен атуу — бул жаратылышты техникалык прогресс менен талкалоонун ачуу сүрөтү. Жаныбарларды тукум курут болушу, кызыл китепке кирген жаныбарлардын себеби катары кароого болот.

Деги эле ар бир адамзат айлана чөйрөгө, жаратылышка туура мамиле кылганда гана ал жашайт, өнүгөт, гүлдөйт.

Адабияттар

1) Айтматов энциклопедиясы 3 томдугу.
2) Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр. Тузгөн Ыйсаева Н., Арипов С., Эшматов Р. Бишкек-2018, 268-б.
3) Ч.Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. 2008
4) Үкүбаева Лайли Ч.Айтматов жана азыркы адабий процесс. 2013
5) Чынгыз Айтматов автору- Абдылдажан Акматалиев. 2008